**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ жана ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.РАЗЗАКОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНДАГЫ ФИЛИАЛЫ.**

**БЕКИТЕМИН**
**И.Раззаков атындагы**
**КМТУнун Кызыл-Кыя**
**шаарындагы филилынын**
**директору,**
**Амиров Тайир Камалович.**
**______________________**
**“___” “__________” 2022-ж.**

# Мамлекеттик тилде даярдалган окуу - илимий эмгектердин сынагынын ЖОБОСУ

**Кызыл -Кыя 2022-жыл.**

Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын иш-чараларына ылайык КМТУда даярдалып чыгарылган эмгектердин сынагы ушул жобого ылайык өткөрүлөт.

1. **Сынактын максаты:**

- мамлекеттик тилди кеңири колдонуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;
- университеттин окуу процессинде мамлекеттик тилди кеңири өнүктүрүүгө шарттарды түзүү, эмгектерди даярдоо жана чыгаруу менен аларды окуу процессинде колдонууга жетишүү;
- окутуу процессинде окутуучулардын жана студенттердин мамлекеттик тилге болгон кызыгууларын жана ишмердүүлүктөрүн арттыруу;
- университетте адистиктердин багыттары боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө мамлекеттик тилди колдонууну күчөтүү жана илимий терминдерди, түшүнүктөрдү жөнгө салуу, белгиленген тартипте аларды стандартташтыруу жана унификациялоо ;
- окуу китептерин кыргыз тилине которуунун сапатын жана мазмунун жакшыртуу.
- мобилдик тиркемелер, веб-портал, сайт жана иш процессин мамлекеттик тилде автоматташтыруу максатында маалыматты иштетүү боюнча программалык иштелмелерди камсыздоо.

2. **Сынактын милдеттери:**

- университеттин окуу процессине керектүү болгон кыргызча эмгектерди даярдоо жана чыгаруу;
- окутуунун заманбап технологияларын жана техникалык каражаттарын окуу процессинде тиешелүү эмгектер аркылуу колдонууну жайылтуу;
- заманбап техникалык каражаттардын жардамы менен электрондук окуу китептерин иштеп чыгаруу; видеосабактардын базасын түзүү, иш процессин мамлекеттик тилде автоматташтыруу максатында программалык иштелмелерди колдоого алуу;
- окутуучулардын кыргыз тилинде окутууга болгон кызыкчылыктарын арттыруу максатында жаш окутуучуларга көмөк көрсөтүү.

3. **Сынактын номинациялары:**

- Мыкты окуу китептери;
- Мыкты окуу куралдары;
- Мыкты усулдук колдонмолор;
- Мыкты илимий макалалар;
- Мыкты программалык иштелмелер;
- Мыкты видеосабактар;

4. **Сынактын талаптары:**

- сынакка университеттин профессордук-окутуучулар курамы тарабынан чыгарылган кыргыз тилиндеги жогорудагы белгиленген номинациялар боюнча эмгектер коюлат;
- сынакка коюлган эмгектер университетте окутулуп жаткан адистиктердин мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуу-усулдук документтердин жана тиешелүү жоболордун талаптарына жооп бериши керек;
- сынакка коюлган эмгектер жаңычылдык мүнөзгө ээ болуп, инновациялык технологияларды, ыкмаларды чагылдырышы керек;
- сынакка коюлган эмгектер кыргыз тилинде туура жана так жазылышы (стили, тыныш белгиси ж.б.) керек.
- Сынакка 2020-2021-жж. чыккан эмгектер катыша алат.

***4.1 "Мыкты окуу китептери" "Мыкты окуу куралдары" номинациясына коюлган талаптар:***

- Сынакка коюлган эмгектер басылма жана электрондук түрдө болушу керек;
- Кафедра жыйынынын көчүрмөсү, факультеттин Окумуштуулар кеңешинин сунуштамасы ;
- Сынакка коюлган эмгектердин ар бирине тиешелүү адистер тарабынан берилген 3 рецензия (1 ички, 2 сырткы) тиркелиши керек;
- Мурда КМТУнун сынагында мыкты деп табылган иштер көрсөтүлбөйт;
- Сынакка коюлган эмгектер кайра кайтарылып берилбейт.

***4.2. "Мыкты усулдук колдонмолор" номинациясына коюлган талаптар:***

- Сынакка коюлган эмгектер басылма жана электрондук түрдө болушу керек;
- Кафедра жыйынынын көчүрмөсү жана факультеттин окуу-усулдук кеңешинин сунуштамасы;
- Сынакка коюлган эмгектердин ар бирине тиешелүү адистер тарабынан берилген 2 рецензия (1 ички, 1 сырткы) тиркелиши керек;
- Мурда КМТУнун сынагында мыкты деп табылган иштер көрсөтүлбөйт;
- Сынакка коюлган эмгектер кайра кайтарылып берилбейт.

*4.3.* ***"Мыкты илимий макала" номинациясына коюлган талаптар:***

- Автор жөнүндө маалыматтар: автордун фамилиясы, аты, атасынын аты, илимий даражасы, илимий наамы, ээлеген кызматы, иштеген жери, тел.номери, электрондук почта дареги , ORCID (эгер бар болсо).
- Аннотация орточо көлөмү 500 белгиден туруусу керек, алар кыскача макаланын структурасын чагылдырып, маалыматтуу болушу керек.
- Өзөктүү сөздөр талап кылынат жана 5-10 сөз, сөз айкаштарын камтышы керек. Берилген өзөктүү сөздөр изилдөөнүн темасын так чагылдырышы керек.
- Негизги текст, кириш сөз, изилдөө методикасы жөнүндө маалыматтар, эксперименталдык бөлүгү, корутундулары жана сунуштары болушу керек.
- Шилтемелер, булактардын библиографиялык сүрөттөмөлөрү (10-20 аталыш) ГОСТ 7.1-2003 талаптарына ылайык түзүлөт.

- Текст А4 барак боюнча жайгаштырылышы керек, анын чектерин эске алуу керек (бардык четтери 2 см), Times New Roman менен басылып, көлөмү 12, сап аралыгы - 1,0.
- Сунушталган макаланын көлөмү: 5 - 10 барак.
- Word редакторунда келтирилген сандар объект катары киргизилиши керек;
- Авторлордун (авторлоштордун) саны төрттөн ашпашы керек.
- Макалалардагы түпнуска тексттин үлүшү (www.kstu-antiplagiat.ru веб-сайтындагы Antiplagiat тутуму аркылуу бааланат) кеминде 80% болушу керек жана аныктамасы коштолот.
- Сынакка катышкан макала IF (Импакт-Фактору) нөлдөн кем эмес болгон журналдарга жарыяланышы керек.

***4.4. "Мыкты видеосабак" номинациясына коюлган талаптар:***

- Сынактык материалдардын мазмунунун, маңызынын сынактын шарттарына туура келүүсү.
- Актуалдуулугу, учурдагы билим берүүнүн талаптарына, билим берүү стандарттарына туура келүүсү, практикага багытталуусу жана материалдын методикалык баалуулугу.
- Алдыңкы билим берүү технологияларынын жана санариптик технологиялардын соңку жетишкендиктерин киргизүү даражасы.
- Видеоматериалдын динамикасы, көрсөтмөлүүлүгү (сүрөттөр, схемалар, анимация ж.б.).
- Добуштун (үндүн) сапаты.
- Видеосабактарга кошумча материалдардын сапаты: түшүндүрмө каты, максат, милдеттери, (жалпы жогорку билим берүү мамлекеттик стандарттарына, предметтик стандарттарга ылайык), сценарий, тиркемелери; тактык, логикалуулук жана сабактардын ар бир этабынын жыйынтыкталуусу.
- Окутуучунун предметтик компетенттүүлүгү жана жалпы эрудициясы;
- кеп маданияты (дикция, темп, сүйлөө сабаттуулугу); педагогикалык баарлашуусунун стили.
- Критерийлердин ар бирине 4.1 — 4.10 пункттарга ылайык 0 дон 2 баллга чейин (0 балл — баалоо критерийлерине туура келбейт, 1 балл - жарым жартылай туура келет, 2 балл — толук туура келет). Эксперттик комиссиясынын ар бир мүчөсү баллдарды койгон соң, орточо балл чыгарылат жана ал жыйынтыктоочу болуп эсептелет.
- видеоматериалдардын техникалык мүнөздөмөлөрү:
  Көлөмү - HD (1280x720), Full HD(1920xl080)
  формат - mp4
  хронометраж 25-30 минутага чейин;

***4.5. "Мыкты программалык иштелме" номинациясына коюлган талаптар:***

- Веб-портал, веб-сайт, мобилдик тиркемелер жана иш процессин автоматташтыруу максатында маалыматты иштетүү боюнча программалык иштелмелер катыша алат;

- Сынакка катыша турган программалык иштелме “КЫРГЫЗПАТЕНТ” мамлекеттик кызматынан автордук күбөлүктүн көчүрмөсү менен коштолушу керек;
- Программалык иштелменин техникалык тапшырмасы жана функционалдык талаптары тиркелиши керек;
- Программалык иштелменин авторунан 5-10 мүнөттүк презентациясы талап кылынат.

**Окуу - илимий эмгектерге баа берүүнүн негизги критерийлери:**

- иштердин жаңычылдыгы жана оригиналдуулугу;
- окутуучулардын студенттерди окутууда жаңы технологияларды колдонуусунун жеке өзгөчөлүктөрү;
- иллюстрациялык жана маалыматтык материалдардын сапаты жана
- саны;
- графикалык иллюстрациянын жана формулалардын жасалгаланышы;
- электрондук окуу куралынын форматы жана анын ичиндеги бири- бирине болгон байланышы;
- электрондук окуу куралынын анимациялык жана үндүк коштоосу.

**Сынакты өткөрүүнүн тартиби:**

- Сынак 3 этапта өтөт:
- 1-этап: кафедранын деңгээлинде;
- 2-этап: факультеттин, институттун деңгээлинде;
- 3-этап: университеттик деңгээлде өтүп, сынактын жыйынтыгы чыгарылат.

Сынактын ар бир этабында сынактын жыйынтыгы боюнча тиешелүү чечим жана сунуштама кабыл алынат.

1-2-этаптарда сынак конкурс түрүндө өткөрүлүп, ар бир номинациядан бирден гана эмгек кийинки этапка сунушталат. Сунуштар кафедранын жыйынынын жана факультеттин, институттун окумуштуулар кеңешинин чечими менен берилет.

Университет боюнча сынактын акыркы этабына эмгектер жогоруда көрсөтүлгөн шарттардын негизинде гана кабыл алынат жана каралат. Эмгектердин номинация боюнча мыктыларын тандоодо жумушчу топ тиешелүү тышкы эксперттерди да кошот.

Сынактын жалпы жыйынтыгы ар бир номинация боюнча өзүнчө өткөрүлүп, жумушчу топтун мүчөлөрүнүн койгон баллдарынын негизинде чыгарылат.

Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоодо номинациянын түрлөрү боюнча эмгектин баалуулугу жана натыйжалуулугу эске алынып, дифференциалдуу баалоо жүргүзүлөт.

Сынактын сыйлоо фондуна университеттин өз алдынча юридикалык түзүмдөрүнүн финансылык каражаттары да кошумча колдонулат.

Сынактын жыйынтыгын чыгаруу максатында ректордун буйругу менен атайын жумушчу топ түзүлөт.

Эгерде жумушчу топтун мүчөсү өзүнүн жеке эмгегин сынакка сунуштаса, сынактын ачык-айкын, калыс түрүндө өтүшү үчүн, ал комиссиянын курамынан чыгарылат.